**К.Эшимбеков атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин «Башталгыч класстарынын усулдук бирикмесинин» 2021-2022-окуу жылындагы өтүлгөн иш чараларынын жылдык отчёту.**

2021-2022-окуу жылында бардыгы 6-класс:

Даярдоо классы Бекенова М

1а-класс Кайыпбаева А

1б-класс Абдразакова Б

2а-класс Султанова Г

2б-класс Уралиева С

3-класс Булатова Н

4-класс Турдумамбетова А

Жогорудагы белгиленген окуу жылында башталгыч класстарынын мугалимдери жылдык пландын негизинде жакшы иш алып барды. Жылдык планда бекитилген бардык иштер өз убагында аткарылды.

Ноябрь айынын 8нен баштап 20 сына чейин бардык мугалимдер ачык сабактарын жакшы деңгээлде өтүп, сабактарга активдуу катышып , өз ара методика алмашып, жакшы жыйынтык көрсөтө алышты.

Даярдоо классынын мугалими Бекенова Мээрим мекен таануу сабагынан «Жапайы жаныбарлар »,-деген темада ачык сабагын интерактивдуу ыкманы колдонуп, көргөзмөлүү өттү.

1а-классынын мугалими Кайыпбаева Айдана мекен таануу сабагынан «Айым-кунум ата-энем»,- деген темада бир нече ыкманы колдонуп, окуучулардын эсинде кала турган, тарбиялык мааниси зор жакшы сабак өттү.

1б-классынын мугалими Абдразакова Бегайым математика сабагынан «15 саны»,- деген темада жакшы сабак өттү. Мугалим балдарын сабакка кызыктырып, бир нече ыкманы колдонуп, баалоосу абдан сонун жасалган.